Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№30 [16988] ИШЕМБИ, 15/11/2025


## АРАВАН РАЙОНУНА - 90 ЖЫЛ



5-бетте

## Курулуштар курулуп, инфратүзүм жакшырды



4-бетте

## Уңгужолу – улуттук идеология



3-бетте

## Папан суу сактагычы кантип курулган?



6-бетте

## Токтомат Зулпуевдин 100 жылдыгы белгиленди




2-бетте


### “Ош жаңырыгы” сиздер менен!

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын I жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясый гезити

Ош жаңырыгы

Ош облусунун коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
Б.Ысакова

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 1455**
**Нускасы: 1700**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жоор бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Токтомат Зулпуевдин 100 жылдыгы белгиленди

Ноокат районунда белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Токтомат Зулпуевдин 100 жылдык маарекеси жогорку деңгээлде белгиленди. Иш-чарага КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Элчибек Джантаев, Кыргыз Эл баатыры Миталип Мамытов, маркумдун туугандары, замандаштары жана жергиликтүү тургундар катышты.





Коноктorду кире бериштен, төкмө акындар салтанаттуу тосуп алышты. Андан соң, улуттук маданиятты чагылдырган кол өнөрчүлүк буюмдары, үй-бүлөлүк турмуш-тиричилик экспонаттары жана уз-чеберлердин иштеринен түзүлгөн көргөзмө көрсөтүлдү.

Иш-чаранын алкагында улуттук спорттук оюндар да уюштурулуп, катышуучулар жана коноктор ордо, алыш, бел боо күрөшү жана салбуруун оюндарын көрүштү.

Маарекенин расмий бөлүгүндө Токтомат Зулпуевдин өмүр жолу жана коомдук-саясий ишмердүүлүгү жөнүндө видеоролик көрсөтүлүп, ал тууралуу театрлаштырылган сахналык композиция коюлду. Сөз сүйлөгөндөр Токтомат Зулпуевдин эл үчүн кылган эмгегин жана жаш муундарга калтырган мурасын белгилешти.

Салтанат белгилүү эстрада ырчыларынын катышуусунда чоң концерт менен жыйынтыкталды.

# Расмий делегация Ошто

КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Элчибек Жантаев Иран Ислам Республикасынын Хорасан -Резави провинциясынын губернатору Гуламреза Мозаффарини кабыл алды.

Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар эки аймактын ортосундагы көп жылдык достук жана кызматташтык мамилелердин учурдагы абалын талкуулап, аларды жаңы деңгээлге көтөрүү багытындагы пикирлерин ортого салышты. Ошондой эле соода -экономикалык, маданий- гуманитардык, инвестициялык, билим берүү жана туризм багыттарында өз ара аракеттенүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү маселелери боюнча сүйлөшүштү.

Иш- чаранын жүрүшүндө КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Элчибек Джантаев жана Иран Ислам Республикасынын Хорасан Резави провинциясынын губернатору Гуламреза Мозаффари 2025- 2026 жылдарга карата эки тараптуу кызматташууну чыңдоо жана кеңейтүү боюнча жол картасына кол коюшту. Бул документ келечектеги өнөктөштүктүн негизги багыттарын аныктап, аймактар аралык байланыштарды конкреттүү долбоорлор аркылуу ишке ашырууга багытталган.



Жолугушуудан соң, Ош шаарында эки өлкөнүн ишкерлерин, мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн жана медиа чөйрөнү бириктирген бизнес- форум өткөрүлдү. Форумдун жүрүшүндө тараптар инвестициялык жана соода- экономикалык кызматташуунун келечегин жана башка тармактар боюнча байланыштарды өнүктүрүү жолдорун талкуулашты. Бир катар тармактар боюнча бет ачарлар уюштурулуп, тажрыйба алмашуулар жүрдү. Форумдун соңунда эки өлкөнүн ишкерлеринин ортосунда жолугушуулар болду жана бир нече биргелешкен долбоорлор талкууланды.

# Ана- Кызыл айылындагы мектеп



Өзгөн районунун Ана -Кызыл айылында 275 орундуу жаңы орто мектептин ачылышы болду. Ачылуу аземине КР Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары - Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Б.Төрөбаев, Ош облусунун башчысы Э.Джантаев, КР Өзгөчө кырдаалдар министри Б.Ажикеев, КР Агартуу министри Д.Кендирбаева жана коомчулук катышты.

Мектеп 2 кабаттуу, спорт залы, информатика, физика жана химия бөлмөлөрү, китепкана, жыйындар залы, ашкана жана заманбап окуу техникалык жабдуулары бар.

Мектептин жалпы курулуш баасы 176 млн. 220 миң сомду түздү. Билим уясы Бүткүл дүйнөлүк банктын каржылоосу менен курулду жана аймактагы окуучулар үчүн сапаттуу билим алууга жана ыңгайлуу шарттарда окуу процессин жүргүзүүгө өбөлгө болот.

**Даярдаган:К.Кыдыралиева.**

# Уңгужолу – улуттук идеология

**2024-жылдын 18-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун өлкөнүн дээрлик бардык тармагына тиешелүү «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу (мындан ары – Уңгужол) жөнүндөгү жарлыгы чыккан. Эгемен Кыргызстанды өз жарандарына туруктуу, коопсуз, бейпил, бакубат, бардар турмуш тартуулоо аркылуу бакубат өлкөнү түзүү максатын көздөп, алдын ала башбагыты аныкталган, узак мөөнөткө эсептелген идеялар тутумун азыркы доор талабына ылайык кайра жаратуу муктаждыгы жаралды.**

**Улуттук идеология жаатында Башмыйзамдан башка мындай мамлекеттик деңгээлдеги буга чейин документ болгон эмес. Азыр ага Кыргызстандын идеологиялык башкы таянычы катары баа берүү керектигин эске алуу менен “Ош жаңырыгы” газетасынын редакциясы мамлекет башчысынын аталган Жарлыгынын маани-маңызына дагы бир ирет кайрылууну туура тапты.**

Жарлык өлкөнүн өнүгүүсүн камсыз кылуу максатында иштелип чыккан идеологиялык негиздерди жана стратегиялык багыттарды камтыйт.

Уңгужолунда кыргыз эли узак мөөнөттүү идеологияга, башкы багытка муктаж экени жазылган. Ошондой эле бул абалдан чыгуунун бири элди бир муштумга бириктире турган, жаңы демилгелердин жаралышына жол ачкан идеяларды иштеп чыгып, аны ыкчамдык менен ишке киргизүү зарылдыгы белгиленген.

Доктринада бир катар тармактар боюнча багыттар аныкталган. Алсак:

Таалим-тарбия жана маданият: улуттук нарк баалуулуктарын жайылтуу, заманбап билим берүүнү өнүктүрүү;

Экономика: жашыл экономика, инновациялык технологияларды киргизүү, экспортту жана ишкердикти колдоо;

Мамлекеттик тил: кыргыз тилин коомдун бардык тармактарында кеңири колдонуу;

Социалдык мамилелер: ынтымакты, социалдык адилеттүүлүктү бекемдөө;

Дин: мамлекеттин коопсуздугун жана элдин биримдигин сактоо максатында улуттук кызыкчылыктарга төп келген, тиешелүү мыйзам актыларынын талаптарына шайкеш иш алып барууну милдеттендирүү;

Дене тарбия жана спорт: сергек жашоо образын калыптандыруу.

Уңгу жолдун негизги максаты- мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка салуу менен нарктуу, мекенчил, жоопкерчиликтүү жарандарды калыптандырып,



кубаттуу мамлекет куруу.

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Жарлыгын турмушка ашырууга арналган илимий-практикалык конференцияларда, жыйындарда бир катар жогорку кызматтагы расмий адамдар, коомдук ишмерлер, окумуштуулар уңгужол – “доктрина” терминин кыргызча чечмелениши, аталышы экендигин белгилешип, ал Кыргыз Республикасынын ыкчам жана туруктуу өнүгүү жолуна түшүү мүдөөсүнүн идеологиялык негиз жана таянымдарын, ошондой эле экономика, укук, саясат, илим, билим, маданият багыттары боюнча ой, идея жана теориялык көз караштар түзүмүн, максатка жетүүнүн уңгулуу жолдорун жана башбагытын камтыган, узак жылдарга эсептелген жоболор тутуму экендигин токтолушту.

Кылымдар кыйырын кырча басып келаткан кырк уруу кыргыз журту менен бир мезгилде үзөңгүлөш чыккан эчендеген элдер бүгүн дүйнөнүн этносаясий айдыңында калбааты түгүл кабары жок. Карт тарых барагында анын эзелки аталышынын бери дегенде эле 3 миң жылдан ашуун мезгилден бери өзүнүн көөнө аталышын миңдеген жылдар бою сактап келишине, кайрадан эгемендүү мамлекетке ээ болушуна нукура жана көөнө, өзүнө гана таандык асыл баалуулуктары, нарк-насил таянымдары, уңгулуу тарыхый тажрыйбасы, улуттук улуу дымагы, жигердүү деми олуттуу омок болду. Алакандай кыргыз журтуна Айкөл Манас жалпы кыргыз элине дем берди, чачылганды жыйнап, бүлүнгөндү бүтөдү, кубаттуу мамлекет курууга ишеним жаратты.

Белгилүү публицист жаа коомдук ишмер Кемел Белеков “Миңдеген жылдар мезгил сынынан тайгылбай өткөн улуттук нарк-насил баштаган жазылбаган көөнө мыйзамдары, жүрүм-турум эрежелери жамы журт ыйык туткан нукура улуттук баалуулуктары, карманган салт-санаасы, эне тили, маданияты баш-аягы белгисиз туңгуюкка түшүп кетүүдөн сактады. Кыргызстан өткөн мезгил аралыгында кылымдап тутунуп келген уңгужолдон саал четтей түшкөнү кашкайган чындык” деп жазат.

Автор андан ары ошондон улам, караламан калк арасына бүлүк түштү, жогорку жана жергиликтүү бийликке карата ишеним азайып, эгемендиктин эбегейсиз мүмкүнчүлүктөрү жалпы элдин эмес, азчылыктын энчисине өтүп кетүү коркунучу жаралды. Илим, билим, маданият, акыл-эс туюму сындуу уңгулуу журт билгелери баркталбай, мамлекеттик жана коомдук институттар туңгуюкка кептелди. Мунун баарын моюнга алышыбыз керек экендигин белгилейт.

Бардык ченемдик укук актылары менен программалык документтер Уңгужолго ылайык келтирилет

Кыргыз Республикасынын тарыхчылар ассоциациясынын президенти, КР УИАнын корр.-мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор Өскөн Осмонов КР Президентинин Жарлыгына ылайык иштелип чыккан “Уңгужол” - элибиздин идеологиялык жашоосунун негизги багытын аныктаган, көп жылдарга эсептелген программа, ал элибиздин жаратмандык асыл ойлорун ишке ашырууга, маданиятты көтөрүүгө багытталгандыгын баса белгилейт. Бул милдетти ишке ашырууда гуманитардык илимдер менен катар тарых илими, тарых сабактары чоң роль ойноору белгилүү. Ата мекенибиздин кылымдарды карыткан тарыхы бул идеологиянын негизин түзөөрүн эч ким танбайт. Кыргызстандын тарыхчылары элдин тарых белгисиздигине түшүп кетүүсүнөн сактап, куттуу мекенибиздин уңгу жолуна түшөөрүнө өздөрүнүн омоктуу салымын кошо тургандыгын ишендирип өттү.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров кол койгон “Улуттук дем – дүйнөлук бийиктик” уңгужолу жөнүндөгү жарлыгы тарыхчы окумуштуулардын башкаларды карап



“жалтактоосун” токтотуп, тартынбай эле “Кыргыз цивилизациясы” деген ат коюп, китептерди жазууга, ата-бабаларыбыз жараткан цивилизацияны терең изилдөөгө, окутууга жана калк арасында кеңири жайылтууга кеңири жол ачты деген ойдо.

Уңгужолдун өзөгүндө кыргыз жарандарынын таалим-тарбияга, илимбилимге, жогорку маданиятка ээ болуусу үчүн үй-бүлө, коом, мамлекеттик бийлик бутактары бирдей кам көрүүгө милдеттүү экени жөнүндө жоболор камтылган. Уңгужолдун негизги максаты- мамлекеттик бийлик менен жарандык институттардын ишин бир нукка салып, келечекте билимдүү, нарктуу, мекенчил жарандарды калыптандыруу аркылуу күч-кубаттуу кыргыз мамлекетин куруу, эгемен Кыргызстандын бакубат келечегин камсыз кылуу болуп саналат.

Мындан ары кыргыз парламентти тарабынан мыйзам кабыл алууда, мамлекеттик программаларды бекитүүдө Уңгужол жоболору сөзсүз эске алынышы керек. Ал эми Министрлер Кабинети социалдык-экономикалык саясатты иштеп чыгууда Уңгужол жоболорун жетекчиликке алууга тийиш.

Уңгужол программасы тарыхчы-окумуштууларды мындан кийинки чыга турган китептерге ар бир доордо жашап өткөн кыргыздан чыккан даанышмандардын, улуу ойчулдардын акыл-ой корутундуларын, элдик макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү чечмелеп, элибиз сактап келген улуттук наркыбызга ширелген жазылбаган мыйзамдарыбызды элибиз карманган салттарды, улуу баалуулуктарды биринчи планга коюп, аны менен катар материалдык маданияттын жетишкендиктерин даңазалоого милдеттендирет.

***Материалды даярдаган:***
**Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ**

# Курулуштар курулуп, инфратузум жакшырды

**Кара-Суу районундагы Папан айыл өкмөтүнүн башчысы Тажибаев Казыбек Каныбекович быйылкы жылкы аткарылган иштер боюнча айтып берди.**

- Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндө да Кара-Суу районунун 90 жылдык маарекесине карата 9 обьектинин ачылыш аземи болуп өттү.

Атап кетсек, Алчалуу айылындагы ФАП курулуш иштери 2022-жылы башталып, курулуштун I-этабына 1 406,0 сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен каралып пайдубалы тургузулган. 2023-жылы курулуштун II-этабына 1 190,0 сом акча каражаты каралып чатыры жабылган. 2024-жылы жергиликтүү бюджеттен 3000,0 сом акча каражаты каралып фельдшердик- акушердик пунктунун курулуш иштери толугу менен аяктап жергиликтүү жашоочуларга пайдаланууга берилди.

"KASA 1000" долбоору тарабынан Камыр-Суу айылына жалпы сметалык баасы 7500,0 сомду түзгөн мөмө-жемиш сактоочу логистикалык борбор курулуп, пайдаланууга берилди.

Кызыл-Туу айылынын Б.Исмаилов атындагы ички көчөсүнө асфальт төшөө иштерине республикалык бюджеттин дем берүүчү грант аркылуу 3 550,0 сом акча каражаты, жергиликтүү бюджеттен 2 561,0 сом акча каражаты жана элдик салым жергиликтүү жашоочулар тарабынан 1000,0 сом бөлүнүп асфальт төшөө иштери 100% га аткарылды.





Чычкан-Көл айылынын Т.Калыев атындагы ички көчөсүнө асфальт төшөө иштерине республикалык бюджеттин дем берүүчү грант аркылуу 3 450,0 сом акча каражаты, жергиликтүү бюджеттен 2 450,0 сом акча каражаты жана элдик салым жергиликтүү жашоочулар тарабынан 1000,0 сом бөлүнүп, асфальт төшөө иштери 100% га бүткөрүлдү.

Арал айылынын Жээнкул уулу Макамбай атындагы ички көчөсүнө асфальт төшөө иштерине республикалык бюджеттен дем берүүчү грант аркылуу 3 000,0 сом акча каражаты, Жергиликтүү бюджеттен 1171,0 сом акча каражаты жана элдик салым жергиликтүү жашоочулар тарабынан 499,0 сом бөлүнүп асфальт төшөө иштери 100% бүттү.

Папан айыл аймагынын айыл аймагына караштуу Алчалуу айылындагы Таштанов Абдыманап атындагы ички көчөсүнүн 3118 метр аралыгын асфальттоонун жалпы сметалык баасы 22 150 000 сом акча каражатын түзгөн. Курулуштун башталышы: 2025-жылдын май айы.

Жалпы узундугу: 3118 м. Каржылоо булагы: Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги.

Папан айыл өкмөтүнө караштуу Камыр-Суу айылындагы "Камыр-Суу Биримдиги" спорт залынын курулушу жеке ишкерлер тарабынан каржыланып, жалпы сметалык баасы 4 600 000 сомду түзгөн курулуш иштери 2024-жылы сентябрь айында башталып 2025-жылдын март айында пайдаланууга берилди.

Кара-Суу районуна караштуу Папан айыл аймагынын кире бериш босогосуна дарбаза курууга 2024-жылы жергиликтүү бюджеттен акча каражаты каралып, 2025-жылы ички инвестиция жеке ишкер тарабынан жалпы сметалык баасы 4 100 000 сомду түзгөн курулуш иштери аяктап, ачылуу аземи болуп пайдаланууга берилди.

Папан айыл аймагына караштуу Кожо-Келен айылындагы Ак-Терек-Папан-Кожо-Келен автоунаа жолунун 72-74 чакырымдарын асфальттоонун жалпы сметалык баасы 16 297 395 сом акча каражатын түзгөн. Курулуштун башталышы: 2024-жылдын сентябрь айы. Жалпы узундугу: 2000 м. Кеңдиги: 6,0 м. Каржылоо булагы: Ош облустук аймактарды өнүктүрүү фондунун тарабынан каржыланды.




## Сарпталган каражат: 15 968 348 сом

Папан айыл аймагына караштуу Андагул айылына курулуп жаткан фельдшердик-акушердик пункту "Вакф"коомдук кайрымдуулук фонду тарабынан каржыланып, жалпы сметалык баасы 2 600 000 сомду түзүп, жалпы аянты 9х12 болгон ФАПтын курулушу аяктап, пайдаланууга берилди.

Ж.Шериев атындагы орто мектебинин 150 орундуу жаңы имаратынын курулуш иштеринин 100% аяктап, 2025-жылдын аягына карата курулуш иштери толук бүткөрүү пландалууда.

Курулуштун башталган убагы: 2024-жылдын апрель айы. Жалпы сметалык наркы: 103,0 млн. Каржы булагы: республикалык бюджет.

## Йигиликтүү демилгелер

2025-жылы Папан айыл аймагына атайын техника таштанды чогултуучу автоунаа жана экскаватор алынып пайдаланууга берилди.

Кара-Суу районуна караштуу Папан айыл аймагына спец техника экскаватор алууга 2025-жылы Ош облустук аймактарды өнүктүрүү фонду тарабынан 10 000 000 (он миллион ) сом акча каражаты каралып, мамлекеттик сатып алуулар порталына жарыяланган. Конкурстун жыйынтыгы менен 7 900 000 ( жети миллион тогуз жүз миң) сомго "ХОВО Центр" ЖЧК жеңүүчү деп табылып ВО 150 W кубаттуулугундагы эксковатор алынган.

Кара-Суу районуна караштуу Папан айыл аймагына таштанды чогултуучу автоунааны алууга 2025-жылы жергиликтүү бюджеттен 6 100 000 (алты миллион бир жүз миң) сом акча каражаты каралып, мамлекеттик сатып алуулар порталына жарыяланган. Конкурстун жыйынтыгы менен 5 100 000 ( беш миллион бир жүз миң сомго "ХОВО Центр" ЖЧК жеңүүчү деп табылып 14 кубдук Хово үлгүсүндөгү таштанды чогултуучу автоунаа алынган.

2025-жылга М.Абдурасулов атындагы маданият үйүнүн капиталдык ремонттон өткөзүүгө жергиликтүү бюджеттен 10 000 000 (он миллион сом акча каражаты каралып, мамлекеттик сатып алуулар порталына жарыя берилип "АДИС Строй" ЖЧК жеңүүчү деп табылып жалпы сметалык баасы 9 334 000 сомду түзгөн курулуш-оңдоо иштери жүргүзүлдү.

Дем бегүүчү (стимгрант) грант аркылуу Кызыл-Туу айылындагы А.Маматов атындагы ички көчөсүн жалпы сметалык баасы 3980608 сомду түзүп, анын ичинен айыл өкмөттүн эсебинен 980608 сомго асфальт төшөө иштери аткарылды.

Арал айылындагы Арал көчөсүнө асфальт төшөөгө жалпы сметалык баасы 3350217 сомду түзүп, айыл өкмөтү тарабынан 502500 сомго асфальт төшөлдү.

Тарылга айылындагы "Бөдөнө" башталгыч класс мектебин капиталдык ремонттон өткөрүүгө жалпы сметалык баасы 4663152 сомду түзүп, анын ичинен айыл өкмөттүн салымы 1663152 сомго, аталган мектепти капиталдык ремонттон өткөрүлдү.

## Алчалуу айылындагы фельдшердик-акушердик пункту

Папан айыл өкмөтүнүн Алчалуу айылындагы фельдшердик-акушердик пунктунун долбоордук сметалык документтери айыл өкмөт тарабынан 2022-жылы даярдалып, жалпы сметалык баасы 7 000 000 сом акча каражатын түзгөн. 2022-жылы мамлекеттик сатып алуулар порталынан "Ордо Стиль" ЖЧКсы утуучу аталып курулуш иштеринин I-этабы башталып, 1 406 025 сом акча каражаты жумшалган. 2023-жылы мамлекеттик сатып алуулар порталынан "Ордо Стиль" ЖЧКсы утуп, курулуш иштеринин II-этабына 1 190 795 сом акча каражаты жумшалган. 2024-жылдын август айында мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу "Антей Строй" ЖЧК утуучу деп аталып, курулуш иштеринин III этабы башталып, 2 992 268 сом акча каражаты жумшалган. 2025-жылдын I-кварталында курулуш иштери аяктап колдонууга берилген.

2024-жылы жергиликтүү бюджеттен 263 000 сом акча каражаты каралып, жаңыдан ачылган ФАПнын ички эмеректери жана 2 даана компьютер алынып берилди.

Жалпы жумшалган каражат: 5 852 088 сом. Ошондой эле Андагул айылына курулуп жаткан фельдшердик-акушердик пункту "Вакф"коомдук кайрымдуулук фонду тарабынан каржыланып, жалпы сметалык баасы 2 600 000 сомду түзүп, жалпы аянты 9х12 болгон ФАПтын курулушу башталды. Фонддун жобосуна ылайык кеткен каражаттын 30% жергиликтүү жашоочулар топтоп берүүсү каралган.

## Асфальт төшөлдү

Папан айыл өкмөтүнө караштуу Алчалуу айылындагы Таштанов Абдыманап атындагы ички көчөсүнүн 3118 метр аралыгын асфальттоонун жалпы сметалык баасы 22 150 000 сом акча каражатын түзгөн.

Курулуштун башталышы: 2025-жылдын май айы. Жалпы узундугу: 3118 м. түзөт. Каржылоо булагы: Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан аткарылды.

## Спорт залы пайдаланууга берилди

Папан айыл өкмөтүнө караштуу Камыр-Суу айылындагы "Камыр-Суу Биримдиги" спорт залынын курулушу жеке ишкерлер тарабынан каржыланып, жалпы сметалык баасы 4 600 000 сомду түзгөн курулуш иштери 2024-жылы сентябрь айында башталып, 2025-жылдын март айында пайдаланууга берилди.

**Б. Ысакова,**
**Маданияттын мыкты кызматкери.**

# Араван районуна - 90 жыл

**Бай тарыхка ээ, берекелүү Араван району жакында өзүнүн 90 жылдык мааракесин чоң салтанат менен белгиледи. Мааракенин алгачкы бөлүгү тогуз жаңы социалдык объекттин ачылышы жана бир күндө тогуз өндүрүш ишканасынын пайдубалына капсула салуу менен айырмаланды. Бул күндү аравандыктар Аравандын өнүгүү жолундагы жаңы барак, мээнет менен түптөлгөн ийгиликке болгон ишеним деген сыймыктуу пикир менен тосуп алышты.**



## Индустриялык өнөр жай

Мааракенин эң маанилүү окуяларынын бири -Гүлбар айылында индустриялык өнөр жай аймагын түзүү боюнча пайдубал түптөө аземи болду. Бул иш-чарага Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Данияр Амангельдиев, Ош облусунун башчысы Эльчибек Джантаев, Араван райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Данияр Эркимбаев жана миңдеген жергиликтүү тургундар катышты.

Бир күндө бир эле учурда тогуз өндүрүш ишканасынын курулушуна старт берилди. Араван жергесинде курулушу башталган бул ишканалар 2026-жылы ишке берилери күтүлүүдө. Алардын арасында сүт идиштерин чыгаруучу цех, газоблок жана бетон заводу, кыш чыгаруучу ири завод, эшик жана терезе өндүрүүчү цехтер, ошондой эле акиташ жана көмүр өткөрүү пункттары бар.

Жалпы инвестиция көлөмү ондогон миллиондогон долларды түзгөн бул долбоорлор толугу менен ишке киргенден кийин





350дөн ашуун аравандыктар туруктуу жумуш орду менен камсыз болот.

«Бул долбоорлор Аравандын келечегин түптөйт. Жүздөгөн үй-бүлөлөрдүн жашоосу жакшыртылып, жергиликтүү экономиканын багыты өзгөрөт. Өнөр жайы өнүккөн аймак- өнүккөн өлкөнүн негизи», — деди Данияр Амангельдиев өз сөзүндө.

Өкмөт өкүлү индустриалдык аймактардын түзүлүшү аймактардын өз алдынча экономикалык потенциалын жогорулатып, жаңы инвесторлорду тартууга өбөлгө болорун белгиледи. Анын айтымында, бул -Аравандын келечегине жасалган олуттуу инвестиция.





## Эл үчүн курулган 9 жаңы объект – жашоо сапатына чоң салым

Мааракенин дагы бир жагымдуу жаңылыгы – тогуз социалдык жана инфраструктуралык объекттин пайдаланууга берилгендиги болду. Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары бул ачылыштарга онлайн форматта катышып, «Аравандын ар бир бурчу өнүгүүнүн жаңы демин алып жатат» деп белгиледи.

Ачылган объекттердин катарында 600 тонна кубаттуулуктагы соода-логистикалык борбор, П.Абылкасымов атындагы орто мектебинин спорт залы, 30 орундуу «Каражантак» бала бакчасы, С.Шарипов мектебинин кошумча окуу корпусу, Жер ресурстары



кызматынын Араван филиалынын административдик имараты, асфальтталган 10 чакырымдык Ош–Араван-Чек-Абад жолу, ФАП пункту жана мозаика өндүрүүчү цех бар.

Бул объекттердин ар бири аймактын жашоо сапатына чоң салым кошот. Мисалы, логистикалык борбор айыл чарба продукцияларын сактоого жана сатууга шарт түзүп, 40 адамды жумуш менен камсыздайт. Жаңы жолдор – өнүгүүнүн өзөгү, билим берүү мекемелери -келечек муундун билим алуусуна болгон жарык багыты.

## Элдин ынтымагын жана эмгегин даңктаган мааракe

Райондун борборунда өткөн 90 жылдык салтанат чыныгы элдик майрам болду. Ага 5 миңден ашуун жергиликтүү тургун катышып, ар биринин жүзүнөн кубаныч менен сыймыктануу байкалды.

Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев аравандыктарды куттуктап жатып, бул аймактын тарыхы менен маданиятына жогору баа берди:

-«Араван - эмгектин, өнөрдүн жана берекенин жери. Бул аймакта ар бир арыкта ата-бабанын эмгеги, ар бир багында мээнеттин жыты бар. Аравандын эли ынтымактуу, мээнеткеч, келечекке ишенимдүү кадам таштап келет», -деди ал.

Ал эми салтанатта көркөм программа, театрлаштырылган көрүнүштөр, элдик ыр-бийлер жана кол өнөрчүлөрдүн көргөзмө-жармаңкеси уюштурулду. Бул күнү Аравандын эли өзүнүн 90 жылдык тарыхына көз чаптырып, жаңы доордун эшигин ача алды.

**Н.Өмүрзакова.**

# Көптү үйрөткөн кесиптештерим менен сыймыктанам!

**Күз мезгили келип, жалбырактар саргайып жерге түшө баштады. Алтын түстөгү айланага суктанып иштен кайттым. Кыялдын кемесинде, өз ойлорумдун жетегинде үйгө кантип жетип калганымды да байкабай калдым. Мектептен үйгө чейинки аралык бир канча алыс болсо да , мен жакшы күндөр, жакшы адамдар жөнүндө ойлонуп, жолдун алыс экенин да байкабадым. Анда эмесе мен эмнелер жөнүндө ойлонуп келдим, кагаз бетине чиймелеп койгон ойлорумду баяндап берейин, сөз башынан болсун.**



1997-жылы Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетине окууга тапшырдым. Өзүм Ноокат районундагы Арал айылында жайгашкан Алымкул Үсөнбаев атындагы "Арал" орто мектебин жакшы бааларга окуп аяктаганым үчүн окуу жайда билим алуу да кыйынчылык жаратпады. 4-курста окуп жатып, башка кыздар сыяктуу өз теңимди таап, Ош облусунун Ноокат районундагы Жатан айылына турмушка чыктым. Бардык ишти чогуу алып кеткенге аракет кылып, окуу жайды да аяктап, кыргыз тили жана адабияты мугалими адистигине ээ болдум. Ошол мезгилдеги үй-бүлөлүк шартка байланыштуу шаардагы мектептерде иштей албай , үй-бүлөм менен бирге болоюн деп, Камбаралы Бобулов атындагы "Баргы" орто мектебине мугалим болуп ишке кирдим. Ал мезгилде мектепти иш билги, кесипкөй, кыраакы жетекчи- ырааматылык Мурзаматов Буркан агай жетектейт эле. Ушул жерде менин орун-очоктуу болуп жашап калышыма себепчи болгон агайым жөнүндө айтып кетпесем болбойт. Мен ишке кирген мезгилде мектептин имараты эскилиги жеткен, шарты жок мектеп болчу. Бирок, ошондой шарты жок мектепте да 60ка жакын мугалимдин башын бириктирип, мектепти райоңго, облуска, республикага чейин атын чыгарган, мектепте темирдей бекем тартипти орноткон, калыпка салган ушул биздин агайыбыз болчу. Агайдын тынымсыз аракети менен мектептин имараты жаңыланып, 2016-жылы 2 кабаттуу мектептин имараты пайдаланууга берилди. Агай ден соолугуна байланыштуу директорлук кызматына Юсупова Чынара Мурзакуловна эжекени сунуш кылып,коллектив бир добуштан колдоп директорлук кызматына Чынар эжеке кабыл алынды. Тилекке каршы, жаңы мектепте көп убакыт иштөө агайга насип кылбады.

Агай көптөгөн билимдүү кадрларды даярдап кеткен экен, Чынара Мурзакуловна жетектеген мезгилде да, мектепте бир топ жакшы ийгиликтер жаралды. "Ынтымак бар жерде- ийгилик жаралат" демекчи Чынар эжеке да мага окшогон жаш кадрларга көп жакшы нерселерди- сабак өтүүнү, окуучулар менен иштөөнү, ата-энелер менен иш алып барууну үйрөттү.

Азыркы учурда мектепти кесиптешибиз, көп жылдар бою мектепте тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары милдетин аркалап келген эжекебиз- Айдарова Бактыгүл Маматганыевна жетектейт. Мектепте жалпысынан 41 мугалим эмгектенет, 569 окуучу билим алат. Өзү жаш болсо да директорубуз Бактыгүл Айдаровна изденип,аракет кылып, мектепке сырттан көптөгөн инвестицияларды тартып, жергиликтүү жана сырттан келген демөөрчүлөрдүн жардамы менен мектепте бир топ жакшы иштерди жасады. Окуучулардын мектепте жакшы билим алуусуна, келечекте жакшы инсан болуп калыптанышына чоң салым кошкон жогорку билимдүү, ар тараптан изденген кесиптештерим бар. Ошол чыгармачыл кесиптештеримдин жардамы менен мектепте райондук, облустук, республикалык деңгээлдеги иш чаралар байма-бай өткөрүлүп турат. Жакында 24-октябрда мектебибизде Аскерге чейинки даярдык боюнча "Мекеним-менин сыймыгым" аталышындагы облустук семинар өткөрүлдү. Бул семинарда мектеп окуучулары, мугалимдер жана адистер чогулуп, патриоттук тарбия, физикалык даярдык жана аскердик билимдер боюнча тажрыйба алмашышты. "Мекенди сүйүү-бул сөз эмес, иш менен далилденет" деген ураан астында өткөн семинар жаштардын духун көтөрүп, келечекке болгон ишенимин бекемдеди.

Мына ушундай чоң-чоң иш чараларды өткөрүү менен кесиптештерим өздөрүнө көп тажрыйба топтошту, окуучуларыбыз мекенди сүйүүгө тарбияланышты. Иш чараларды өткөрүү менен гана чектелбестен тажрыйбалуу мугалимдерибиз окуучуларга мыкты тарбия, сапаттуу билим берип келе жатышат. 2024-2025-окуу жылында 11-классты аяктаган окуучуларыбыз ЖРТ боюнча жакшы жетишкендиктерге жетишип, жогорку окуу жайдын студенттери болушту. Мектептин тажрыйбалуу мугалими Кожомбердиева Айчүрөк эжеке даярдаган кызыбыз- Маманова Аэлита ЖРТдө 204 балл алып, жакшы көрсөткүчтү көрсөтө алды. Бул ийгиликтердин баары өзүнөн өзү жарала бербейт. Бул биздин эмгек жамаатыбыздын ийгилиги деп ойлойм. Мына ушундай билгенин башкалар менен бөлүшө алган аракетчил кесиптештерим бар болуңуздар демекчимин. Райоңго, облуска, республикага жакшы иштери менен таанылган,атактуу инсандын ысымын алып жүргөн Ноокат районундагы Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүндөгү Камбаралы Бобулов атындагы "Баргы" жалпы орто билим берүү мектебинде иштеп калганыма, тажрыйбалуу, ынтымактуу кесиптештерим, билимдүү окуучуларыбыз бар экенине сыймыктанам.

**Наргиза Шарипова,**
**кыргыз тили жана адабияты мугалими.**

**Архив документтеринен**

# Папан суу сактагычы кантип курулган?

**Ош облусунун Араван, Кара –Суу жана Ноокат районунун айыл чарба өндүрүшүнүн, ошондой эле экинчи борбор Ош шаарынын өнүгүшүн Папан суу сактагычысыз элестетүү кыйын. Андыктан Ош облусу үчүн бул суу сактагычынын курулушу өтө маанилүү болгон.**

Кыргыз ССРинин Министрлер Кабинети 1974 -жылдын 21- августунда №379 токтому менен Папан суу сактагычынын курулушунун техникалык экономикалык көрсөткүчтөрүн жактырды. Курулуштун наркын 1 366 миң сомго кыскартып, калган чыгымдарды Кыргыз ССРинин эл чарбасынын башка тиешелүү тармактарына жүктөдү.

1974- жылдын 27- августунда курамында С.Ибраимов, Макаренко, Максимова, Өсөрова, Ахунова катышкан компартиянын Ош обкомунун жана облустук аткаруу комитетинин кеңешмесинде Ак- Буура дарыясында Папан суу сактагычынын курулушунун техникалык долбоору тууралуу маселе каралган. Кеңешмеде "Гидрокурулуш" институтунун Орто Азия бөлүмүнүн долбоорунун башкы инженери Э.В. Куракина жана "Кыргызгидросуучарба" институтунун долбоорунун башкы инженери В.П.Протопопова Папан суу сактагычынын базасында сугарууну өнүктүрүүнүн башкы планынын схемасы жөнүндө маалымат беришкен.

Папан суу сактагычынын (Араван, Кара Суу жана Ноокат райондору боюнча) зонасындагы аймактарда сугарууга ыңгайлуу, жакшы кыртыштуу шарттардагы кыйла ири жер аянттары бар экендиги маалыматта көрсөтүлгөн. Ал жер аянттары негизинен буга чейин аз продуктылуу, кайракы жер катары жана жайыт катары пайдаланылып келгендиги да айтылган жана жалпы жер аянттары 37,6 миң га аянтты түзгөн. Анын ичинде Катта- Сай массиви, Гүлбаар, Сарыбаш -Дөбө, Ири- Жар, Кара -Бел массивдери болгон.

Мындан тышкары, Ак Буура жана Араван сугат системасы боюнча 50,5 миң га, анын ичинде Кыргыз ССРи боюнча 38,9 га сугат суу берилген жер аянттары бар эле. Кыргыз ССРинин 740 га жер аянттары сугат тармактары менен сугарылган эмес, бирок, шарттуу түрдө суулуу делип, туруктуу сугарылган эмес.

Кыргыз ССРинин сугат жерлеринин суу менен камсыздалышы кыйла начар абалда болгон. Буга байланыштуу жыл сайын көп жылдык чөптөрдүн, дан эгиндеринин, бактардын жана жүзүм аянттарынын көпчүлүк бөлүгү талаптагыдай сугарылбай кала берген. Бул болсо Араван, Кара-Суу жана Ноокат райондорунун



чарбаларына айтарлык зыян алып келген. Айыл чарба тармактарынын маалыматтары боюнча 1974- жылы сугарылбай калгандыктын кесепетинен күтүлгөн зыяндын эсеби 5,5 млн. рублди түзгөн ( анда Кыргызстанда рубль жүгүртүүдө болгон).

Облустук өнөр жай борбору Ош шаары жана ага жакын жайгашкан поселоктор, айылдар суу ресурстары менен камсыздалышкан эмес эле. Жер түбүндөгү суу ресурстары өтө тартыш болгон (секундасына 0,4 куб.м). Жер үстүндөгү суу ресурстары (Ак- Буура) дарыясы негизинен толугу менен сугат суугa пайдаланылган. Ал эми Ош шаарынын суу менен камсыздалышы үчүн туруктуу суунун керектелиши секундасына 2,4 куб.м. түзгөн.

Ош шаарына Ак- Буура дарыясынан агымын жөнгө салбай суу алса Ак -Буура сугат системасынын сугаруу мүмкүнчүлүгү Кыргыз ССРи боюнча 28,3 миң. га көрсөткүчүнөн 17.5 миң. га көрсөткүчүнө кыскарып кетмек.

Папан суу сактагычынын курулушунун техникалык долбооруна ылайык, Ак- Буура дарыясы Араван жана Кара -Суу райондорунун чарбаларынын 38,2 миң га жер аянттарынын суу менен камсыздалышынын жогорулашы күтүлгөн. Ошондой эле тамеки, мал чарбачылыгы зонасында жаңы туруктуу сугат суу менен сугарууну жана келечекте Ош шаарынын туруктуу суу менен камсыздалышы күтүлгөн. Техникалык өсүмдүктөр эгилчү жер аянттарын көбөйтүү мүмкүнчүлүгү каралган.

Компартиянын Ош обкомунун жана облустук аткаруу комитетинин бюросу жогоруда айтылгандардын баарын эске алып, Ак-Буура дарыясында Папан суу сактагычын куруу долбоорун Папан суу сактагычынын базасында сугарууну өнүктүрүү боюнча башкы пландын схемасы менен кошо жактыруу токтомун кабыл алган.

Өздөштүрүлгөн сугат суу менен сугарылган жерлер негизинен калк жашаган пункттары бар, жолдор, ремонттук устаканалар, ж.б. бар аймактарга жайгашкан жана бул айыл чарбаны өздөштүрүүдө чыгымдарды кескин азайткан. Ошондуктан партиянын обкому жана облустук аткаруу комитети СССРдин Мелиорация жана суу чарба министрлигинен Папан суу сактагычынын техникалык долбоорун тез арада карап берип, бул обьектини 1975- жылдагы курулуштардын титулдук тизмесине кошуп берүүнү суранган. Ушундай процедуралар менен курулган Папан суу сактагычынын мааниси зор жана ушул күндө калк жана эл чарбасы үчүн кеңири пайдаланылууда.

**Нурия Хасанова,**
**ЮМГАОПДнын архивисти.**

Мектепке чейинки тарбия

# Адеп-ахлактык жүрүм-турумду калыптандырууда жомоктордун орду

**Мектепке чейинки курак- бул баланын инсан катары калыптанышынын башаты. Дал ушул мезгилде анын дүйнө таанымы, жакшы-жаман түшүнүгү, адамгерчилик сапаттары калыптана баштайт. Баланын адеп-ахлактык жүрүм-турумун тарбиялоодо элдик чыгармачылыктын, айрыкча жомоктордун орду чоң. Балдардын адептик сапаттарын калыптандыруу маселеси учурда өтө актуалдуу. Замандын талабы менен өсүп келе жаткан муун арасында адеп-ахлактык баалуулуктардын жетишсиздиги, коомдук моралдык деградация коркунучу байкалууда. Ошондуктан балдардын руханий-адептик жүрүм-турумун тарбиялоо маанилүү социалдык маселе болуп саналат. Руханий-адептик тарбия — бул баланын инсандыгын, Мекенге, коомго, эмгекке жана өз милдеттерине болгон мамилесин калыптандырууга багытталган педагогикалык процесс. Мектепке чейинки куракта адеп-ахлактык жүрүм-турумдун негизги багыттары пайда болуп, баланын социалдашуусу башталат.**

## Руханий-адептик тарбиянын өзгөчөлүктөрү

Мектепке чейинки курактагы адеп-ахлактык жана руханий өнүгүүнү эки аспектте кароого болот: Сезимдердин жана эрктин өнүгүшү. Баланын курчап турган дүйнөнү түшүнүүсү жана өз ордун аныктоосу. Психологиялык-педагогикалык адабияттарга ылайык, мектепке чейинки курактагы балдар адеп-ахлак нормалары жана руханий баалуулуктар тууралуу билимдерди алгач оозеки түрдө өздөштүрүшөт. Ал эми адеп-ахлактык сезимдер менен билимдердин биримдиги алардын практикалык адеп-ахлактык аракеттерине да таасир берет.

Балдардын моралдык жүрүм-турумун үч баскычта өнүгөрү белгилүү: Конкреттүү иш-аракеттерге түз баа берүү. Кыйынчылыкка кабылган адамдын абалына баа берүү жана жүрүм-турумду жөнгө салуу. Мүмкүн болгон кесепеттерди баалоо жана эмоционалдык жетекчиликти ишке ашыруу.



Башында балдардын адеп-ахлактык аракеттери чоңдордун стимулдарына көз каранды болуп, жазадан качуу же сыйлык алуу мотиви менен жүргүзүлөт. Бирок убакыт өткөн сайын балада туруктуу моралдык аракеттер жана позитивдүү адеп-ахлактык тажрыйба калыптанат.

## Элдик жомоктордун орду

Жомоктордун өзгөчөлүктөрү: улуттук мүнөз, кызыктуу сюжеттик структура, образдык, оптимизм жана дидактика. Социалдык-педагогикалык жактан элдик жомок балдардын эмоционалдык жана элестүү потенциалын өнүктүрүүгө, этикалык идеялар менен таанышуусуна, маданий баалуулуктарды калыптандырууга жардам берет. Мектепке чейинки балдарды тарбиялоодо жомокторду ар кандай курактагы топтордо колдонсо болот.

Мисалы: «Ырыс алды — ынтымак» жомогунда абышка өзүнүн ынтымаксыз тогуз баласына тогуз табылгыны сындыртып, эң жөнөкөй нерсе аркылуу турмуш чындыгын түшүндүрөт. Подтекстте бир үй-бүлөнүн ынтымагынын негизинде бүтүндөй бир элдин ынтымагы бекемделет. Элдик тарбиянын керемет күчү ушунда. «Түлкү менен кене» жомогу жаш муундарды ак ниет, эмгекчил болууга чакырат жана элдик акылмандыктын үлгүсү катары муундан-муунга өтүп келет. «Айбандардын достугу» жомогу балдарды ак ниеттикке, ишенимге, айлакерден сак болууга, акыл менен иш кылууга үйрөтүү максатында жаратkan. «Кыргый менен үкү» жомогу аркылуу кыргыз эли жакшылыкка чакырып, жамандыкты жектеген. Бул жомок — адамдык касиет, ырайым жана достук тууралуу сабак берген өмүр философиясы.



Ошондой эле мектепке чейинки билим берүүдө педагогдор жомоктордун сюжеттик идеяларын ар кандай интерактивдүү ыкмалар аркылуу иштетишет:

«Жомоктогу сыйкырдуу сөздөр», «Жомоктун башкы каармандары», «Жомокту улантып жаз» сыяктуу оюн формасындагы иштер балдардын кызыгуусун арттырып, аларды активдүү ойлонууга үндөйт.

Бул ыкмалардын жардамы менен бала жомоктогу окуяларды өз көз карашынан талдап, каармандардын аракетине моралдык баа берет, жакшы менен жаманды ажырата билүүгө үйрөнөт. Мындан тышкары, мындай интерактивдүү ыкмалар: баланын сүйлөө жана угуу маданиятын өнүктүрөт; көркөм сөздү кабыл алуу жөндөмүн арттырат; кыймыл-аракет жана оюн аркылуу ой жүгүртүүнү активдештирет; чыгармачылык элестетүүсүн кеңейтет; топ менен иштешүүгө, сабырдуулукка, боорукердикке тарбиялайт.

Элдик жомокторду интерактивдүү усулдар менен колдонуу — мектепке чейинки курактагы балдардын руханий дүйнөсүн байытып, алардын акыл-эс, моралдык жана чыгармачылык өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Элдик жомоктор-мектепке чейинки курактагы балдардын руханий-адептик тарбиясын калыптандыруунун эң натыйжалуу каражаты. Жомок аркылуу балдар боорукер, эмгекчил болуп өсөт. Жомоктор балдардын инсандык турмуштук тажрыйбасын кеңейтип, сюжетти жана каармандарды жеке чечмелөөгө, баа берүүгө мүмкүндүк берет.



**У. МАТИЕВА,**
**ОшТУнун академик Б.Мурзубраимов атындагы Эл аралык Өзгөн технологиялык жана билим берүү институтунун Педагогика жана тил илимдери циклинин улук окутуучусу.**

Жарыялар

## Сынак

А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети төмөнкү кызмат орундарына сынак жарыялайт.

| № | Кызмат орундун аталышы | Кызмат орундун саны |
|---|---|---|
| | Англис тили жана аны окутуунун усулу кафедрасынын доценти | 1 орун |
| 2. | Социалдык иштер жана коомдук илимдер кафедрасынын доценти | 1 орун |
| 3. | Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын доценти | 1 орун |

Кафедранын доценти кызматы үчүн талап кылынуучу документтер:

1) Ректордун наамына жазылган арыз
2) Резюме
3) Адистерди каттоо боюнча толтурулган өздүк баракча (сүрөтү менен)
4) Билими, окумуштуулук наамы жана илимий даражасы жөнүндөгү дипломдордун көчүрмөсү
5) Жарык көргөн илимий эмгектердин жана ойлоп табуулардын, ошондой эле окуу-методикалык куралдардын тизмеси
6) Жарык көргөн илимий, усулдук эмгектердин көчүрмөсү
7) Кафедранын отурумунун протоколунан көчүрмө
8) Факультеттин кеңешинин протоколунан көчүрмө
9) Эмгек китепчесинен көчүрмө.

Конкурска арыз берүү мөөнөтү жарыя чыккан күндөн баштап 1 (бир) ай. Байланыш үчүн телефон: 0777 74 79 50.

## Жараксыз деп табылсын

Жеке ишкер Абдурахимов Жахонгир Марибжановичке таандык болгон ИНН 20105190840186 1 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

Жеке ишкер Жаңыбаев Адылбек Абдрахмановичке таандык болгон ИНН 22308198000304 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

# ТҮЙШҮКТҮҮ ӨМҮРДӨ, ТҮЙШӨЛТКӨН ТАГДЫР

**"Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет" деген накыл кеп жарык дүйнөнүн даамын татам деп келген ар бир пендеге жашоо тагдырына жараша сүр-түлөт тура. Нашкүл пенде муну жаштык кезде кайдан баамдады дейсиң. Аалам жер үстү баары пендеге гүлүмсүрөө баам-башат тартуулаганы менен жан назик-тигин жаңсоодо кимдин тагдыры кандай болоору өзүндүн жан жаратылышыңа байланган деген таасир тариз сыноонун боркулдап кайнаган казаны окшойт.**

Ушундай сырдуу өмүргө тагдырларын таасындоо үчүнбү же алмустактан келе жаткан адам баласынын мыйзамдуу жашоосундагы мүшкүлдүкпү муну ким чечмеледи дейсиң. Жашоо туюмуна өмүр, тагдыр, насип, күрөш деген бүтүмдөргө байлана адам баласы тээ асман мелжиген туу чокуну көздөй жашаганы, жашаган. Ар бир пендеге жарыкчылыктагы жашоо тартууланган соң баары байгеге салган күлүктөй жашоо даамын татканы үчүн күрөш үстүндө болуп келет окшойт.

Ушул табышмактуу таризден алганда жарыкчылыктагы күрөшкө билек түрө аттана келгендердин бири Усенов Умурали Жарашович ажы аксакал. Ал азыр жетимиш үч жаштын чайынын даамын таткан мезгили. Ажы аксакалыбыз 1952-жылдын 10-апрелинде Кара-Суу районунун Кашкар- Кыштак айыл өкмөтүнө караштуу Партсъезд айлында туулган. Алгач ата-энесинин тарбиясында болгон. Жети жашынан өз айылындагы Джержинский атындагы мектептин биринчи классынын босогосун аттаган. Аны 1970-жылы толук орто билим алуу менен аяктайт. Жаштык жигердин күчүндө Кара-Суу совхозунун алдындагы ТУ-4 кесиптик окуу жайында автослесарь жана айдоочулук кесиби боюнча билим алат. Ошол учурдагы бардык уландарга бирдей болгон мекенди коргоо вазыйпасын аткаруу үчүн Умурали 1972-жылы аскерге чакыртылат. Ал мекен алдындагы милдетин азыркы Казак Республикасынын Тараз шаарында жакшы жүрүш-турушу менен өтөйт.

Аскердик милдетин өтөп келген соң атасы Жараш, апасы Касиет эненин эрке уулу болгондуктан алардын сунушу менен үй-бүлөө курууга максаттанат. Ата-энесинин камы менен жубайы Мыскал экөө 1974-жылы жай саратанда баш кошушат. Умуралы ажы ава менен Мыскал ажы эне үй-бүлөөсүндө төрт балалуу болушат. Алардын тилегиндей эки уул, эки кыз балдары бар. Баары өз турмуш жолдору менен үй-жайлуу болушкан.

Балдары, кыздары жашоосуна бышык. Турмуш шарттары эл катары жакшы. Өз тапкан ырыскыларын ата-энесинин ызат сыйы менен тең бөлүшкөндү паиз көрүшөт. Ошондон улам Умурали аваны, Мыскал энени ажылык сапарга жөнөтүп, заман буюрган экен экөө тең ажыларын кабыл кылышкан. Умурали ава уул, кыздарынан он алты небере көргөн. Уул балдары өзүнүн айлана тегерегинде эле үй-жайлуу, жашоо шарттары бакубат турушат. Кыздарынын бириси Умуралы аванын кайын журту Отуз-Адыр айлынын Беш-Капа учаскасында турат. Ал эми дагы бир кызы Жапалак тарапка келин. Алар да бала-чакалары менен бактылуу турмушта жашоо сүрүүдө.

Умуралы ажы ава балдарына татыктуу тарбия бергенди атасы Жараш, апасы Касиет энелерден үйрөнгөн. Алардын үй-бүлөөгү бардык көргөн билгендерин Умуралы ажы ава, Мыскал ажы эне бир очоктон түтүн булатуу менен балдар, кыздарына



Өмүрлүк жубайлар Умуралы Мыскал ажылар

жакшы тарбия бергендигинин таасиринде "Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың" дегендей жашоодо бактылуу болгондугу анык го.

Бул жаңсоо атасы Жараштан, апасы Мыскалдан өткөндүгү анык тура. Умуралы ажы аванын айтымында атасы уста болгон экен. Андан баш көргөн бала катары устачылык боюнча көп нерсени үйрөнөт. Аскерден келген соң ажы ава 1974-жылдан 1989-жылга чейин Ош шаарындагы жашылдандыруу жана көрктөндүрүү ишканасында уста-плотник жана айдоочулук иштерде татыктуу ийкемдүү адист катары көп жылдар эмгектенет. Аталган ишканада жакшы жараткан ийгиликтери үчүн үлгүлүү эмгектери менен кошо иштегендеринин арасында кадыр сыйга арзыйт. Кийин 1989-жылдан Кара-Суу районундагы Карл Маркс колхозунда курулуш бригадири катары эмгек жолун улантат. Бул жерде 2012-жылга чейин эмгектенген. Колу сылдуу болгондуктан курулуш бригадасы менен кохоздогу далай чарбалык курулуштарды көркүнө чыгара кургандыгы менен чарбанын администрациясынын колдоосунда болгон. 2012-2017-жылдары соода сатык иштерине аралашкан. Алгач Астана шаарында иштесе, кийин Ош шаарында соода сатык кылган. Азыркы учурда облустук басмаканада күзөтчү болуп иштейт.

Иштеги ийгиликтери үчүн жакшы жараткан ийгиликтери бааланып, Ош шаарынын мэриясынын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу мекемесинин Ардак грамотасын алууга татыктуу болгон. Азыркы учурда Умуралы ажы ава күзөтчүлүктө кире-чыга кызмат кылуу менен Мыскал ажы чоң эне экөө уул, кыздарынын, кадырман туугандарынын ызат-сыйында бактылуу карылыктын доорунда өмүр кечирип жаткан учуру.



Умуралы ажы ава неберелери менен

**М. Жуманазаров, журналист.**

Эскерүү

# Акындын экинчи өмүрү ырларында



Кыргызстанга белгилүү акын жана жазуучу Азада Бегимкулова 1950-жылы 10-ноябрда Жалал-Абад облусундагы Ала-Бука районунда туулган. 1974-жылы Бишкек шаарындагы кооперативдик техникумун аяктаган, андан кийин Самарканд шаарындагы кооперативдик институтун бүтүргөн. 1980-жылы Кара-Суу районундагы пахтачылык талаасында Комсомолук кыздар бригадасын жетектеген. Кийин Ош облустук китепкейлөр коомунун төрайымы, Кыргызстан жазуучулар бирлигинин Жалал-Абад олустук кыргыз тили коомунун жетектөөчү адиси болуп эмгектенген. Ал бул жашоодо аз жашаса да, өлбөс-өчпөс чыгармаларын калтырып кетти.

Бул жарыкчылык жашоодо ким канча өмүр сүрөт бир гана жараткан эгем өзү билет экен. Өлүм деген карыга да, жашка да карабайт тура. 1996-жылы 46 жашында мезгилсиз дүйнөдөн кайткан. 1980-жылдары элибизге таанымал болгон таланттуу акын, уюштургуч Азада Бегимкулованын ырлары көпчүлүк окурмандарга таанымал болду. Анын ырларына белгилүү обончулар Арзыбек Бедияров, Жанышбек Кочкоров сыяктуу обончулар обон жаратышты. Ушул күнгө чейин ырчылар ырдашып калк арасында акындын ырлары ырдалып келе жатат.

А. Бегимкулованын чыгармаларын атай кетсек “Мүдөө”, “Өтүнүч”, “Жаштыгыңды аядым”, “Сизге”, “Кыргызымдын мырзасы” аттуу ырларына обончуларыбыз обон чыгарышты. 2000-жылы “Экинчи өмүр” аттуу чыгармалар жыйнагы жарык көрдү. Окурмандарга акындын төмөнкү ырын сунуштайбыз.

## “Тирүүлүктө жакшы сөздү аянба”

Олдо тагдыр, мынча оор сынагың,
Сынагыңа канча ирет чыдадым.
Кайрат урап, карылыкка бой сунуп,
Күндөн күнгө карт сөөктөй сынамын.

Билген билээр, билбегенге не чара,
Бейкапарга болоормун бир бечара.
Топуракка жашынганда турпатым,
Топурашып сөз айтышаар ич ара.

Билген айтаар, өжөр эле сөзү шар,
Бир келди да, бир кетти деп айтышаар.
Капарга албай кандай жашап өткөнүм,
Канчалары мүрзөмдөн тек кайтышаар.

Катар жүргөн-жылуу сөзүн айтканда,
Кайрат болмок, кубат бермек дарманга.
Сөз кылды не, сөз кылбады не пайда,
Оо адамдар, тирүүлүктө жакшы сөзүң аянба!

**Б. Ысакова.
Кыргызстан Журналисттер союзунун мүчөсү.**